“Сабак жылмаюудан башталат.”

Күнү, айы	Предмет	классы	ОшМУнун “Ыйман” гимназиясы биология мугалими Мурзакулова Кайрыхан Тезековна
14.03.23	Биология	8-А	

- САБАКТЫН ТЕМАСЫ:

  Витаминдер
- САБАКТЫН ТИБИ:

  Жаңы билимди өздөштүрүү, калыптандыруу
- КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ:

  Интерактивдүү усулдар жана аңгемелешүү
- ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ**:**

  Тарых,химия, физика, кыргыз тил
- ОКУУ ИШ-АРАКЕТИН УЮШТУРУУНУН ФОРМАЛАРЫ:

  Жекече, топтор менен иштөө
- САБАКТЫН ЖАБДЫЛЫШЫ:

  Акылдуу доска, таркатмалар, текст
- ДИДАКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАР:

  Слайд, окуу китеби, түстүү кагаздар,ватман, маркерлер, мөмө-жемиштер**.**
- САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

1. Уюштуруу мезгили -4мин.
2. Отүлгөн материалдарды кайталоо жана билимдерди текшерүү -5 мин.
3. Жаңы материалды окуп-үйрөнүү -10 мин
4. Топторго тапшырмаларды берүү -3 мин
5. Топтордун презентациясы – 10 мин
6. Бышыктоо -5 мин
7. Үй тапшырмасы -1 мин.
8. Баалоо – 2мин

	Сабактын максаты	Көрсөткүчтөр: коюлган максаттар ишке ашат, эгерде окуучу
1.	Билим берүүчүлүк:	
	Организмдердеги витаминдердин та-рыхын, алардын түрлөрү, түзүлүштөрү жана организмге тийгизген таасири таасири жөнүндө окуп үйрөнүшөт.	Алар витаминдердин түзүлүшүн, түр-лөрү жөнүндө түшүнүктү тереңдетип, анын ачылыш тарыхын жана жашоодогу маанисин өздөштүрө алса,
2.	Өнүктүрүүчүлүк:	
	Витаминдер темасындагы негизги түшүнүктөргө, алардын касиеттерин жана айырмачылыктары боюнча илимий көз караштагы билимин тереңдетишет.	Илимий көз карашта витаминдердин пайда болуусун, биз колдонгон тамак ашта кандай витаминдер бар экендигин билишсе, өз алдынча изденип окуп билимин тереңдете алса,
3.	Тарбиялык:	
	Организмдеги керектүү азык-заттар жөнүндө кеңир маалымат алып, витаминдерди узак убакытка сакташ үчүн тамак-ашты туура даярдоону үйрөнүшөт.	Негизги азык-заттар: белок, углевод, липиддердин организм үчүн канчалык өлчөмдө керектүү экендигине жана тамак-аштын сакталышына кызыкса,

Компетенттүүлүктөр боюнча

№	Негизги компетенттүүлүктөр	Предметтик компетенттүүлүктөр
1.	Маалыматтык	**К-1.** Таанып билүү жана илимий суроолорду коюу. Изилдениши мүмкүн болгон көйгөйлөрдү көтөрүү. Маалыматтарды издөө үчүн керек боло турган негизги сөздөрдү аныктоо. Тарыхый, илимий изилдөөлөрдүн негизги өзгөчөлүктөрүн таба билүү
2.	Социалдык-коммуникативдик	**К-2.** Илимий жетишкендиктерди баалоо аркылуу тарыхый маалыматтарды түшүндүрүү Илимдин жетишкендиктерине чоң салым кошкон окумуштууларды таанып-билүү. Жаңы биологиялык терминдерди колдоно билүү.
3.	Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү аныктоо	**К-3.** Тема боюнча суроолорду коет. Илимий тыянактарды колдонуу. Маалымат-

		тарды чогултуу жана тыянактарды чыгаруу. Тыянактардын негизинде жаткан фактылар-ды, маалыматтарды таап чыгуу

САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

	Сабактын этабы	Убак-тысы	Мугалимдин иш-аракети	Окуучулардын иш-аракети
1.	Уюштуруучулук	2мин	Окуучулар менен саламдашып, жоктоп, класстын тазалыгын кароо.	Окуучулар сабакка даярданып отурушат
			Алтын эрежени эске алуу	
		3мин	Окуучулар мөмө-жемиштердин сүрөттөрүн алуу менен топторго бөлүнүшөт	Ар бир окуучу мөмө-жемиштин сүрөтүнөн бирден алып өзүнүн тобуна барып отурушат.
2.	Үйгө берилген тапшырманы текшерүү	5мин	Үй тапшырмасын топторго таркатмаларды таркатуу аркылуу иштейбиз	Топтордогу окуучулар өздөрүнчө акылдашып жооп беришет.
3.	Топторго тапшырмаларды берүү	3мин	“С”-тобуна “Витаминдердин келип чыгуу тарыхы” “В”-тобуна“Витаминдерге мүнөздөмө,жаңы терминдер жөнүндө “А”-тобуна “Витаминдердин тамак-ашта колдонулушу жана мааниси	Ар бир топ өздөрүнө берилген текст боюнча чыгармачы-лык менен даярдана башташат. Аларга керектүү материалдар таркатылып берилет.

4.	Топтордун презентациясы	8мин	1.”С”-витаминдер тобу 2.”В”- витаминдер тобу 3. “А”- витаминдер тобу кезеги менен чыгып презентациялашат	Топ-иоп болуп же жекече чыгып презентациялашат.

5.	Жаңы теманы түшүндүрүү	10 мин	Витаминдер жөнүндөгү окумуштуулардын жүргүзгөн иш Витаминдер жөнүндөгү окумуштуулардын жүргүзгөн иш-тажрыйбалары, саякаттары жана илимге киргизген жаңылыктары боюнча, витаминдердин түрлөрү жана темадагы жаңы терминдер боюнча, витаминдердин тамак-ашта колдонулушу жана алар жетишпесе же ашыкча болсо организмде кандай өзгөрүүлөр, ооруулар пайда болот. Өзүм слайд-видео аркылуу балдардын презентацияларын толуктап, маалымат берип өтөм.	Аңгемелешүүгө активдүү катышышат, суроо-жооп аркылуу мурдагы билимдерин толукташат. Мөмө-жемиштердин сүрөтүн тартабы же табигый өздөрүн көрсөтөбү ал балдардын өздөрүнүн чыгармачылыгы менен көрсөткөнгө аракет жасашат.
6.	Сабакты бышыктоо	5мин	Топторго мөмө-жемиштерди таркатып берип, 1-“С” витаминдеги топко –салат жасоо, 2-“В”-витаминдеги топко – териге маска жасоо, 3-“А” –витаминдеги топко – консервалоону түшүндүрүп берүү	Топтордогу окуучулар өздөрү каалаган мөмө жемиштерден салат жасашат, териге маска жасашат, консервалоону кантип даярдаш керек экендиги боюнча өздөрүнүн деңгээлине жараша көрсөтүп беришет.
7.	Сабакты жыйынтыктоо	2мин	“ Бугункү өтүлгөн тема боюнча “Билимиңди текшер” таблицасы менен сабакты жыйынтыктайбыз	Окуучулар өз ойлорун айтышат. “Билимиңди текшер” таблицасын топ менен иштешет.
8.	Үйгө тапшырма	1мин	Параграф -55. 139-бет. “Мен жана менин организмдеги досторум” эссе жазып келүү.	Күндөлүккө жазышат
9.	Окуучулардын билимин баалоо	2мин	Кошумчалап комментарий берүү	Топтордун лидерлери да сунушташат.